УДК 34.01:614](575.2)

Аскарова К.С.,
КМЮАнын конституциялык жана муниципалдык укук кафедрасынын изденүүчүсү

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО КОНСТИТУЦИЯЛЫК УКУКТУН ТҮШҮНҮГҮ ЖАНА МАЗМУНУ

Аннотация: *Бул макалада Кыргыз Республикасында саламаттыкты сактоо конституциялык укуктун түшүнүгү жана мазмуну көрсөтүлгөн.*

Аннотация: *В статье рассматривается понятие и содержание конституционного права на охрану здоровья в Кыргызской Республике.*

Annotation: *The article deals with the concept and content of the constitutional right to health protection in the Kyrgyz Republic.*

Негизги сөздөр*: адам укуктары, ден-соолуктуу сактоо, жарандардын саламаттыгын сактоо конституциялык укугу.*

Ключевые слова*: права человека, охрана здоровья, конституционные права граждан на охрану здоровья.*

Keywords*: human rights, health protection, citizens' constitutional rights to health care.*

Жарандардын саламаттык сактоо конституциялык укугунун мазмунун ачууга укук теориясына кайрылсак, авторлор тарабынан ар кандай аныктамалар берилгендигин байкаса болот. Мисалы, В.В. Пучкова, жарандардын саламаттык сактоо конституциялык укугу комплекстүү мүнөзгө ээ деп белгилеген. Анткени бул укук башка субъективдуу укуктардын камсыз болушу менен ишке ашырылат. Аларга акысыз жардам көрсөтүү укугу; медициналык кароо жана социалдык тейлөө укугу; коопсузду шартта эс алуу, иштөө укугу; саламат абалы менен байланышкан дискриманациянын баардык түрлөрүнөн укуктук коргоо ж.б. [1, С. 15].

Жарандардын саламаттык сактоо укугунун мазмунун А.Н. Сагиндыкова дагы көрсөткөн [2, С. 15]. Ал жарандардын саламаттык сактоо укуктарынын көпчүлүгүн түзөт деген. Аларга: 1. медициналык жардамга болгон укук- мамлекеттик жана жеке саламаттык сактоо системасы менен камсыз кылынган- медициналык-санитардык жардам, адистештирилген медициналык жардам, медициналык-социалдык жардам, медициналык калыбына келтирүү; 2. жарандардын өз эрки менен саламатык сактоо уюмун тандоосу, ошондой эле дарылоочуну өз эрки менен тандоосу; 3. Жарандардын дарылоодон жана медициналык киришүүдөн баш тартуусу; 4. Жарандардын экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жакшы шарттарга жана радиациялык коопсуздука; 5. жарандардын дары-дармек, протездик-ортопедиялык жардамга укук; 6. үйлөнүп жаткан жарандардын медико-генетикалык изилдөөгө укугу; 7. жарандардын санитардык-курорттук дарылануусуна болгон укук; 8. жарандардын өзүнүн ден-соолугу жөнүндө жана ага таасир этүүчү факторлор туралуу маалымат алуу укугу; 9. жарандардын ден-соолугуна келтирилген залакатты кайтаруу укугу; 10. жарандардын чет мамлекеттик саламаттык сакто уюмдарынан медициналык, фармацевтикалык, протездик-ортопедиялык жардам алуу укугу; 11. эненин саламаттык сактоого укугу; 12. балдардын саламаттык сактоого укугу; 13. жарандардын кан жана анын компонентерине донор болуу укугу; 14. жарандардын органдар жана ткандарды трансплатациялоого донор болуу укугу; 15 жарандардын медициналык камсыздандыруу боюнча укугу ж.б.

Саламаттыкты сактоо болгон конституциялык укук жарандардын КР Конституциясында бекитилген, саламаттык сактоого түздөн-түз тиешеси бар укуктары менен байланыштуу. Саламаттыкты сактоого болгон укукту изилдөө, системалуу мамиленин көз карашынан алганда, негизги конституциялык укуктардын, эркиндиктердин жана милдеттердин институтунун бирдиктүүлүгү менен бирге, көп кырдуулугун жана толук кандуулугун да баса белгилөөгө мүмкүндүк берет [3, С. 35].

Философиялык сөздүктө камтылган аныктамага ылайык, система - бул өз ара мамиледе жана байланышта турушкан жана белгилүү бир бүтүндүктү, бирдиктүүлүктү жаратышкан элементтердин жыйындысы [4, С. 423].

«Система» деген түшүнүктүн өзү, илимий жана философиялык ой жоруунун заманбап мамилелерине ылайык, бир нече аныктамага ээ. Анын баштапкы, базистигине төмөнкүлөрдү

киргизсе болот: 1) «система деген өз ара аракеттеги элементтердин топтому»; 2) «белгилүү бир жагдайда тартиптештирилген өз ара байланыштагы жана айрым бүтүн бирдиктүүлүктү жаратуучу элементтердин көптүгү»; 3) «система өз ара аракеттеги көптөгөн элементтердин чектен бөлүнгөн көптүгү» [4, С. 425].

Системалуу изилдөөдө талдоого алынып жаткан объект өз ара байланыштары бул көптүктүн бүтүндүк касиеттерин шарттай турган элементтердин белгилүү бир көптүгү катары каралат. Мындагы негизги басым изилденип жаткан объектинин ички сыяктуу эле, анын адам жашоосунун тышкы айлана-чөйрөсү менен өз ара мамилесинде да орду бар байланыштар менен мамилелердин көп кырдуулугун ачып берүүгө жасалган [5, С. 12].

Жарандардын юридикалык укуктары «татаал укуктук категория катары бүтүндөй системаны билдирип турат, анткени аларга органикалык бүтүндүк жана ички дифференциация, башкача айтканда, аларсыз система болбой турган эки негизги сапат мүнөздүү» [6, С. 25].

Укуктук система деп ич ара макулдашылган, өз ара байланыштагы, социалдык жактан бир өңчөй юридикалык каражаттардын (көрүнүштөрдүн) жыйындысын түшүнөбүз жана алардын жардамы менен айкын бийлик коомдук мамилелерге, адамдардын жүрүм-турумуна жана алардын бирикмелерине уруксат берүү, милдеттендирүү, тыюу салуу, ишеним жана мажбурлоо, өбөлгө түзүү жана чектөө, санкциялардын жардамы менен жөнгө салуучулук-уюштуруучулук жана турукташтыруучу таасир көрсөтөт [7, С. 178].

Уукуктук системанын категориясы бардык укуктук реалдуулуктун айрым компоненттерине эмес, ага бүтүндөй боюнча талдоо жүргүзүп, баа берүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Системалуу мамиле бүтүндүк менен анын бөлүктөрүнүн ортосунда жана бөлүктөрдүн өз ара эң олуттуу карреляциялык, субординациялык жана башка байланыштары менен мамилелерин толук, контрастуураак ачып көрсөтүүгө мүмкүндүк берет [3, С. 36].

Саламаттыкты сактоого болгон укуктун укуктук мазмуну Негизги мыйзамдын (47-бер.) текстинин өзүндө, ошондой эле аталган конституциялык жоболорду ишке ашыруу максатында кабыл алынган ченемдик укуктук актыларда чечмеленген. Мындан тышкары, КР Конституциясынын 6-беренесинин 3-пунктуна ылайык, саламаттыкты сактоого болгон укуктун конституциялык негизин Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзам тарабынан белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер түзөт. Алар Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын курамдык бөлүгү болуп саналат.

1948-жылы кабыл алынган Адам укуктарынын жалпы декларациясы (формалдуу түрдө юридикалык эмес, саясий документ) дүйнөлүк коомчулуктун бардык мүчөлөрү тарабынан сакталууга тийиш болгон укуктар менен эркиндиктердин конкреттүү тизмегин аныктаган. Декларациянын 25-беренесине ылайык, ар бир адамдын өзүнүн жана анын үй-бүлөсүнүн ден соолугун жана бакубат турмушун камсыздоо үчүн зарыл болгон тамак-аш, кийим-кече, турак жай, медициналык камкордук жана зарыл социалдык тейлөө, жумушсуздук, ооруп калган, майыптуулук, жалгыз бой, жесир калган, анын өзүнө байланыштуу эмес жагдайлардан улам жашоо үчүн каражаттарын жоготкон учурларда камсыздалуу укугу кирген жашоо деңгээлине укугу бар. Текстологиялык жактан "медициналык камкордук" тамак-аш, кийим-кече жана турак жайдан кийин, бирок социалдык тейлөөгө чейин берилгендигине көңүл буруп коюу зарыл. Бул жерде укуктук жана социалдык мамлекет үчүн артыкчылыктардын өз алдынча иерархиясын байкоого болот. Ошол эле учурда, Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 25-беренеси татыктуу жашоо деңгээлинин эки курамын - ден соолук менен бакубатчылыкты бөлүп көрсөтөт. Адамдын саламаттыгы тамак-ашсыз, кийим-кечесиз жана турак жайсыз, башкача айтканда, белгилүү бир деңгээлдеги байгер жашоосуз мүмкүн эмес. Ошол эле учурда, адамдын ден соолугу түздөн-түз медициналык камкордук аркылуу камсыздалат, ал эми бузулган ден соолукту талаптагыдай калыптандыруунун кепилдиги болуп, эң оболу, медициналык жардам саналат. Биздин пикир боюнча, бул Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 25-беренесинде аталган социалдык бакубатчылыктар "маанилүүлүгү" (олуттуулугу) жагынан абдан кылдат жиктелип, такталууга тийиш. Айрым учурларда, медициналык камкордук турак жайга же кийим-кечеге караганда алда канча маанилүү болуп саналат.

Негизги укуктардын жана эркиндиктердин тизмеги юридикалык жактан 1966-жылдагы Эл аралык пактылар менен бекитилген жана алар (пактылар) Адам укуктарынын жалпы декларациясы

менен бирдикте Адам укуктары жөнүндө эл аралык биллди түзүшөт. 1966-жылдын 16-декабрында, маселен, БУУнун Генералдык Ассамблеясы тарабынан Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар тууралуу эл аралык пакт кабыл алынып, кол коюу, ратификациялоо жана кошулуу үчүн ачылган. Пакт мүчө-мамлекеттер үчүн 1976-жылдын 3-январында күчүнө кирген.

Пактынын 11-беренесине ылайык, ага катышкан мамлекеттер ар бир адамдын жана анын үй-бүлөсүнүн жетиштүү жашоо деңгээлине болгон, ошондой эле, жашоо шартын тынымсыз жакшыртууга болгон укугун таанышат. Пактынын 12-беренеси 11-берененин саламаттыкты сактоого жана медициналык жардамга болгон адам укуктарына тиешелүү бөлүгүндөгү укуктук мазмунду чечмелеп берет. Алсак, Пактынын каралып жаткан ченеми ага катышкан мамлекеттердин ар бир адамдын физикалык жана психикалык саламаттыгынын эң жогорку деңгээлине болгон укугун таанууну милдеттендирет. Катышуучу-мамлекеттер өлүү төрөлгөндөрдү, балдардын өлүмүн кыскартуу үчүн, балдардын саламат өсүүсүн камсыздоо, гигиенанын бардык жагдайларын жакшыртуу, эпидемиялык, эндемиялык, кесиптик жана башка оорулардын алдын алуу жана дарылоо, ооруп калгандардын бардыгына медициналык жардамды жана медициналык камкордукту камсыз кылуу үчүн зарыл болгон иш-чараларды камтыган укуктарды ишке ашыруу боюнча чараларды көрүүгө тийиш. Пактынын 10-беренесинин 2-пунктуна ылайык, өзгөчө коргоо энелерге акылга сыярлык мезгилге - төрөткө чейин жана төрөттөн кийинки мезгилге берилүүгө тийиш.

Кыргыз Республикасы аталган пактынын катышуучусу болуп санала тургандыгын эске алып, КР Конституциясынын 6-беренесинин 3-пунктуна ылайык, мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары саламаттык сактоо укугун Пактыда белгиленгенден аз эмес көлөмдө ишке ашырууну камсыздоого тийиш. Бул саламаттык сактоо укугунун укуктук мазмунун олуттуу кеңейтет.

КР Конституциясынын 6-беренесинин 3-пунктуна ылайык, саламаттык сактоо укугуна болгон конституциялык негизди түзгөн (КР Конституциясынын ушул укукту түздөн-түз бекемдеген жоболору менен катар) эл аралык укуктук актыларды талдоого алуунун натыйжасында, аталган укуктук актылар тиешелүү конституциялык жоболорго караганда, каралып жаткан укукту абдан кеңири түшүндүрмөлөй тургандыгын белгилеп коюу зарыл деп ойлойбуз. Бул биздин мамлекет КР Конституциясынан келип чыккан жобого караганда, медициналык жардамга болгон укуктардын кепилдиктеринин өтө жогорку деңгээлин камсыз кылууга милдеттүү экендигин билдирип турат. Ошону менен бирге, саламаттык сактоого болгон укуктун мазмунунун жалпы таанылган эл аралык стандарты жок, анткени саламаттык сактоо укугун жарыя кылган эл аралык актылар индивиддин укуктарынын көлөмү жана мамлекеттердин ушул укукту ишке ашыруу боюнча милдеттенмелери тууралуу так түшүнүк беришпейт деп ырастаган Д.Г. Бартеневдун пикирине макул болууга туура келет [8, С. 8-9].

Жалпысынан, социалдык-экономикалык укуктарды козгогон эл аралык ченемдер аларды коргоо боюнча субъективдүү укуктарды түздөн-түз түзүшпөйт жана, эреже боюнча, түз аракеттин ченемдери болуп саналбайт.

Мындан тышкары, көптөгөн мамлекеттердин конституциялары ушул укукту адам менен жарандын ажырагыс укугу катары кароо менен, укуктук ченемдердин декларативдүүлүгүн жоюу максатында, аталган укуктун кепилдиктеринин көлөмүн белгилөөнү мыйзам чыгаруучулардын компетенциясына киргизишкен. Алсак, Германиянын Негизги мыйзамында жана Швециянын Конституциясында саламаттык сактоо түшүнүгү бийликтин мыйзам чыгаруу жана аткаруу органдары тарабынан ченемдик актылардын кабыл алынуусун жөнгө салуучу компетенциялык ченемдерде камтылган. Финляндиянын 1995-жылдагы Конституциясында ден соолуктун баалуулугу жашоо-турмуш деңгээлине жана социалдык байгерчиликке арналган беренеде орун берилген.

Бир катар өлкөлөрдүн конституцияларында мамлекеттердин саламаттык сактоо жаатындагы жоопкерчилиги мамлекеттин милдети катары белгиленген. Бул анча чоң эмес унитардык мамлекеттер үчүн мүнөздүү: Грециянын 1975-жылдагы Конституциясынын 21-беренесинин 3-пунктуна ылайык, "мамлекет жарандардын ден соолугуна камкордук көрөт", Италиянын 1947-жылдагы Конституциясынын 2-главасынын 32-беренесине ылайык, "республика ден соолукту инсандын негизги укугу жана негизги коомдук кызыкчылык катары коргойт жана колунда жоктор үчүн

бекер дарылануу кепилдикке алган", ал эми Нидерланддрдын Конституциясында: «бийлик калктын саламаттыгын жакшыртуу боюнча кадамдарды алдын ала жасоого тийиш" экендиги бекитилген» [9, С. 123, 225, 325].

КМШга мүчө-мамлекеттердин конституцияларын талдоо жарандардын саламаттык сактоого болгон укуктарын орнотуунун төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет:

- Украинанын Конституциясынын 3-беренесинде камтылган ченем-максатта адамдын ден соолугу эң жогорку баалуулуктардын бири катары таанылат [10, С. 93];

- саламаттык сактоого болгон укук сбуъективдүү укук катары туюндурулуп берилет, ошону менен бирге медициналык жардам саламаттык сактоонун кепилдиги катары каралат, ушуга байланыштуу, мамлекет өзүнө мамлекеттик саламаттык сактоо мекемелеринде бекер дарылоо боюнча милдеттенмелерди алат, ошондой эле бардык жарандар үчүн медициналык тейлөөнүн жеткиликтүү шарттарын түзөт (Конституциянын - Беларусь Республикасынын негизги мыйзамынын 23-беренеси,Украина Конституциясынын 49-беренеси); ар бир адамдын мамлекеттик саламаттык сактоо мекемелеринин тармактарын бекер пайдалануунга болгон укугу Тажикстандын жана Түркмөнстандын конституциялары тарабынан кепилдикке алынган;

- саламаттык сактоого болгон укуктун кепилдик механизми өзүнө санитардык-эпидемиологиялык программаларды, медициналык-санитардык, ден соолукту чыңдоочу-профилактикалык программаларды каржылоону камсыздоону (Украина Конституциясынын 49-беренеси), ошондой эле айлана-чөйрөнү көрктөндүрүү боюнча чараларды көрүүнү, ден соолукту чыңдоо мекемелеринин кызматынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн, эмгекти коргоону өркүндөтүү чараларын (Беларусь Республикасынын Конституциясы) камтыйт;

- мамлекеттин саламаттык сактоо чөйрөсүндө менчиктин бардык формаларын өнүктүрүү боюнча көмөктөшүүсү көрсөтүлөт (Азербайжандын Конституциясы, Украинанын Конституциясы).

Ошентсе да, КМШга мүчө өлкөлөрдүн конституцияларынын бир катарында саламаттык сактоого болгон укук кыскача берилип, медициналык жардам берүүнүн шарттары менен көлөмүн аныктоо мыйзам чыгаруучулардын компетенциясына киргизилген. Казакстандын Конституциясы бул республиканын жарандары мыйзамда белгиленген медициналык жардамдын бекер кепилденген көлөмүн алууга укуктуу экендиктери тууралуу жобону камтыйт.

КМШга мүчө өлкөлөрдүн конституцияларынын көпчүлүгүндө мыйзамда белгиленген медициналык тейлөөнүн акы төлөнүүчү түрү каралган, медициналык жардамды алуунун кепилдиги катары камсыздандыруу механизми каралган (Азербайжандын Конституциясы) [11, С. 736].

Субъективдүү укук категориясы конституциялык укуктун мазмунун укук ээсинин ыйгарым укуктар системасы жана аларды ишке ашыруунун ченеми боюнча бекитилген механизм аркылуу кароого мүмкүндүк берет.

Юридикалык илимде С.Н. Братус тарабынан сунушталган субъективдүү укуктун дефициясы таркаган. Буга ылайык, инсандын субъективдүү укугу ыйгарым укуктуунун мүмкүн болгон жүрүм-турумунун мыйзам тарабынан камсыздалган чарасы болуп саналат [12, С. 11].

Натыйжада субъективдүү укуктун мазмуну ыйгарым укуктардын конкреттүү түрлөрүн көрсөтүү аркылуу ачып берилген. Алсак, Н.Г. Александров ар бир субъективдүү укук өзүнө үчү мүмкүнчүлүктү камтый тургандыгын белгилеген: субъективдик укук ээсинин өзүнүн мүмкүн болуучу жүрүм-турумунун түрү; башка милдеттүү адамдардан тиешелүү жүрүм-турумду талап кылуу мүмкүндүгү; зарыл учурларда көмөктөшүүгө, мамлекет тарабынан мажбурлоого баруу мүмкүндүгү [13, С. 225].

Н.В. Витрук субъективдик укуктун маңызы менен максатын белгилүү бир социалдык жыргалчылыктарга ээ болуу чарасы катары аныктаган [14, С. 127]. Ошентип, салматтык сактоого жана медициналык жардамга болгон субъективдик укук орто аралыктагы каражаты болуп саналат жана ага керектөөлөрдү реалдуу канагаттандыруу үчүн баруу ылайык; бул юридикалык баалуулукту пайдаланбай туруп негизги байгерчиликтен - субъективдүү укуктун негизинде жаткан баалуулуктан пайдалануу мүмкүн эмес.

Мыйзамдарга ылайык, салматтык сактоого жана медициналык жардамга болгон субъективдүү укук салматтык сактоонун максаттарына жетишүүнүн негизги каражаттарынын бири катары адамга төмөнкүдөй ыйгарым

укуктарды берет:

- укук пайдалуу алкагында адам өз саламаттыгын өзү каалагандай тескеп, башкара алат: дени сак жашоо кечирүүгө же антпегенге, медициналык мекемелерге, врачтарга, элдик дарыгерлерге кайрылууга же өзүнө жеке алдынча жардам көрсөтүүгө;

- укук-жүрүм-турум алкагында адам анын ден соолугуна таасир этип жаткан айлана-чөйрөнүн абалы, кайрылган адам жашаган жердеги санитардык-эпидемиологиялык кырдаал тууралуу маалыматты алуу үчүн компетенттүү органдарга, жумуш берүүчүнүн өкүлдөрүнө жумушчуларды жагымдуу эмгек шарттары менен камсыздоо жаатындагы маселе боюнча кайрыла алат; ден соолукту чыңдоого жана сактоого өбөлгө түзүүчү иштер менен, дене тарбиясы жана спорт менен алектенүүгө; медициналык мекемелерге жана жеке менчикте иштеген врачтарга (ооруп калган учурларда) квалификациялуу медициналык жардам алуу үчүн кайрылууга;

- укук-талап алкагында ыйгарым укуктуу адамдардан айлана-чөйрөнүн абалы, калктын санитардык-эпидемиологиялык бейкуттугу тууралуу сураган маалыматты берүүнү, жумушчуларга адам ден соолугу үчүн коопсуз жана жагымдуу эмгек шарттарын түзүүнү талап кылууга, саламаттыкты сактоого жана калыптандырууга багытталган башка талаптарды коюуга; врачтардан жана башка медицина кызматкерлеринен квалификациялуу медициналык жардам берүүсүн, консультацияларды берип, диагностикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүсүн талап кылууга;

- укук-аракет көрүү алкагында саламаттыгын сактоого болгон укугун, эгерде аны үчүнчү жактар бузган болсо, жогору турган мамлекеттик жана муниципалдык органдарга, прокуратурага, сотко кайрылуу аркылуу коргой алат, бузулган укуктарын коргоонун башка жолдорун колдонот [3, С. 56-57].

Жалпысынан алганда, салматтык сактоого болгон субъективдик укукту субъект-укук ээси үчүн укуктук ченемдер менен аныкталган өз саламаттыгын коргоо боюнча аракеттерди көрүүгө, ошондой эле ден соолукка зыян алып келе турган аракеттерден карманууга: сапатсыз дары-дармектерди, азык-түлүктү колдонуудан, баңги заттарынан, алкоголь ичимдиктерин ичүүдөн баш тартуга мүмкүндүк катары аныктоого болот. ошону менен бирге адам өзүнө тиешелүү укуктарды ишке ашыруу боюнча жүрүм-турумду аткаруу же аткарбоону, атап айтканда, саламаттыгын сактоо жана бекемдөө боюнча аракеттерди көрүүнү же көрбөөнү жеке алдынча аныктайт.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде, ар бир адамдын саламаттык сактоого болгон укугу юридикалык ченемдер менен камсыздалган, эл аралык жана ички мамлекеттик мүнөздөгү, өз аракеттери менен дене бойлук жана психикалык саламаттыктын эң жогорку деңгээлин камсыз кылуу, сактоо жана бекемдөө боюнча мүмкүнчүлүктөрдүн биримдигин билдирип турат. Ошону менен бирге, мамлекеттен жана үчүнчү жактардан саламаттыкты камсыздоо жана коргоо боюнча милдеттерди аткаруусун талап кылат, мындай болбогон учурда, ден соолугуна карата бузулган укукту коргоонун мыйзамдуу чараларын көрөт.

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР ТИЗМЕСИ:

1. Пучкова, В.В. Деятельность органов государственной власти России по реализации конституционного права граждан на охрану здоровья [Текст]: автореф. дисс. … канд. юрид. наук: 12.00.02. – Москва, 2005. – 15 б.
2. Сагиндыкова, А.Н. Проблемы реализации конституционного права граждан на охрану здоровья в Республике Казахстан [Текст]: автореф. дис... д-ра юрид. наук: 12.00.02. - Екатеринбург, 1999. – 15 б.
3. Колоцей, И.А. Право на охрану здоровья и медицинскую помощь как конституционная ценность [Текст]: диссер. … канд. юрид. наук: 12.00.02. – Архангельск, 2010. –35-36 б.
4. Философский словарь [Текст] / под ред. И.Т. Фролова. 5-е изд. - М.: Политиздат, 1987. – 423 б.
5. Серегина, И. Ф. Информированность населения о правах в области охраны здоровья [Текст] / И.Ф. Серегина, А. Л. Линденбратен, Н.К. Гришина // Здравоохранение. – 2009. – № 11. –12 б.
6. Юридические гарантии конституционных прав и свобод граждан [Текст] / под ред. Л.Д. Воеводина. - М., 1987. – 25 б.
7. Теория государства и права. Курс лекций [Текст]/ под ред. Н.И. Матузова, А.В. Малько. - М.: Юрист, 2000. – 178 б.
8. Бартенев, Д.Г. Право на охрану здоровья в международном праве [Текст]: автореф. дис. ... канд. юрид. наук: 12.00.10. СПб., 2006. - 8-9 б.